Макулдашылды:

Кесиптик бирлик уюмунун

төрагасы ________ Болжуров Э.Т

"15" сентябрь 2021-жыл

Бекитемин:

Сабитакун Жусупбаев атындагы

орто мектебинин директору:

________ Кудайбергенова М.Ш

"15" сентябрь 2021-жыл

# Сабитакун Жусупбаев атындагы орто мектебинин педагогикалык жамаатынын окуучуларга эмгекти коргоо жана коопсуздук техникаларынын эрежелерин колдонуу боюнча инструктажы.

1.Окуучулардын жана балдардын ден соолук, өмүрүн сактоодо сабак өтүү мезгилинде, экскурсияда, коомдук пайдалуу жана өндүрүмдүү эмгектерде жана башка иштерге коопсуздук техника эрежелеринин аткарылышы тууралуу түшүндүрүү иштерин жүргүзөт.

2.Коопсуздук техникасынын бул же тигил эрежесин билбей туруп ал курал менен иштөөгө тыюу салынат. Ар бир куралдын өзгөчөлүгүн, жергиликтүү шартын эске алып, ар кандай куралдар менен иштөө эрежесин түзүп аны мектептин директору жана профсоюз уюму бекиткенден кийин сабак өтүүчү класстын көрүнүктүү жерине айнектеп илип коюу керек.

3.Окуу-тарбия процессинде коопсуздук шартын түзүп берүү: окуу планы боюнча жүргүзүлгөн сабактарда коопсуздук журналга толтурат. Класстан жана мектептен тышкары учурда өрт коопсуздугунун эрежелерин, жолдо жүрүү, көчөдөгү тартип, сууда сүзүү жана ушу сыяктуу коопсуздук техникасы боюнча инструктаж өткөрүп атайын журналга кол койдуруп алат.

4.Мектепте бардык окуучуларга өрттөн сактануу эрежесин сактоодо, жол кыймылында, көчөдө, сууда жана башка жерлерде балдардын өздөрү биринчи иретте коопсуздук эрежелерин сактоого милдеттүү экендиги жөнүндө окуучуларды тарбиялайт.

5.Эгерде иштеп жаткан техникалык каражатта кандайдыр бир туура иштебеген участок болсо,биринчи ирээтте ток булагынан ажыратып,андан кийин гана оңдоого уруксат берилет.

6.Кээ бир техникалык каражатты колдонууда, ошол курал жайланышкан жерде розетка жок болгондугуна байланыштуу узун зымга туташтырылган розетканы колдонууга туура келет. Мындай учурда электр зымына окуучулар чалынып албагандай кылып жайланыштыруу керек.

7.Проектор иштеп жаткан учурда аны кароосуз калтырууга болбойт. Бул учурда ар кандай кокустук болушу мүмкүн.